**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин өзүн-өзү баалоосу үчүн мугалимдерди сурамжылоо.**

Джамансулова Самара Абдыкалыковна

1. Сиздин көз карашыңызда, бул мектеп үчүн эң маанилүү баалуулуктар кандай? Сапаттуу билим берүү, таалим-тарбия, ата-эне менен алака түзүү
2. Сиздин бул мектепте иштегениңиз сизди канааттандырабы? Ооба
3. Сиздин оюңузча окуу бөлмөлөрдүн жабдуулары окуу процессин натыйжалуу уюштурууга ылайык келеби? Толук ылайыктуу келбейт
4. Туруктуу өнүктүрүүнүн принциптери мектебиңизде ишке ашууда деп ойлойсузбу же ашкан жокпу (ресурстарды үнөмдүү пайдалануу, экологиялык таза жүрүм-турум)? Мектепте туруктуу өнүктүрүүнүн планы түзүлгөн.
5. Кесиптик өнүгүүңүз үчүн мектебиңизде сунушталган мүмкүнчүлүктөрдү жазыңыздар билимдерди жогорулатуу курсу, райондук иш-чараларга катышуу
6. Сиз жана сиздин кесиптештериңиз тажрыйбаңыздарды класста окутуунун түрдүү методдору, технологиялары катары пайдаланып жатканыңыздарды талкуулайсыздарбы? Усулдук бирикмелерде кеңешмелерде
7. Башка кесиптештердин сабактарын сиздер көрүп турасыздарбы жана талдайсыздарбы? Ар бир предметтин айлыктарында көрүп, талдайбыз
8. Квалификацияны жогорулатуу курстары сиздин күнүмдүк ишиңизде пайдалуубу же пайдасы азбы? Абдан пайдалуу деп эсептейм.
9. Сиздин кесиптик өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүңүздү жакшыртуу үчүн мектепте дагы эмнелер жасалды? Кошумча компьютерлер алынды.
10. Мектеп ишинин сапатын жакшыртуу чаралары/ иш-аракеттер канчалык жакшы ойлонулган? Мектептин ишин жакшыртуу пед.кеңеште талкууланып, пландар түзүлгөн
11. Өткөн жылдын ичинде сиз мектеп жетекчилигине мектеп ишин жакшыртуу идеясын сунуштадыңызбы? Ооба, кээ бир идеяларды сунуштадым.
12. Мектебиңизди өнүктүрүү планын билесизби? Ооба
13. Мектеп жетекчилиги мектепти өнүктүрүүгө карата кабыл алынган чечимдер жана аларды ишке ашыруу жөнүндө маалымат береби? Ооба
14. Мектептеги методикалык кеңештер иштейт деп ойлойсузбу Мектептеги методикалык кеңештердин иштери алгылыктуу жана пайдалуу иштерди жүргүзөт.

Сканировано с CamScanner

**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин**

**өзүн-өзү баалоосу үчүн мугалимдерди сурамжылоого**

**карата анализдин жыйынтыгы**

Мектептеги мугалимдерди сурамжылоодо мектеп үчүн эң маанилүү булактар сиздин көз карашыңызда деген суроого көпчүлүгү балага татыктуу билим берүү, таалим-тарбия үйрөтүү, ата-эне менен жылуу мамиледе болуп, алака түзүү экендигин белгилешкен.

Мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүнө мектеп сунуштаган мүмкүнчүлүктөр бул- билимдерди өздөштүрүү, жаңы ыкмаларды үйрөнүү, райондук иш-чараларга катышып, башка кесиптештери менен тажрыйба алмашуу экендигин көрсөтүшкөн. Бардык мугалимдер мектептин өнүктүрүү планын мектепти өнүктүрүүгө карата кабыл алынган чечимдерди, аларды ишке ашыруу жөнүндө маалыматтарды билгендиги аныкталды.

Мектеп жетекчилигине мектеп ишин жакшыртууга карата өз идеяларын сунуштаган мугалимдердин катары да көп экендиги да такталды.

Тарбия иштеринин уюштуруучусу _______ Шукурбаева А.Н.

Сканировано с CamScanner